## Ош эл аралык медициналык университетинин студенттеринин өндүрүштүк практикасын өткөрүү боюнча

**№ _5_ К Е Л И Ш И М**

**Ош шаары**

**«_01_» _09_ 2020-ж.**

Биз, төмөндөгүчө кол койгондор Ош эл аралык медициналык университетинин ректору, профессор
Ж. К Муратов мындан ары «ОЭМУ», ОЭМУ нун Уставынын негизинде _Коргоо аймагынын ооруканасы, директор: Муратова Гулсайрa Камбаровна_ жетекчиси жана Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 5.08.2008-жыл №425 токтомуна ылайык «Окуу жана өндүрүштүк практикалар» жобосунун негизинде ОЭМУ да практикаларды уюштуруу жана өткөрүү боюнча талаптарга ылайык төмөндөгү келишим түзүлдү:

**1. «Мекеме – иш канасы» милдеттенет:**

1.1. ОЭМУ нун өндүрүштүк практикаларын өткөрүү үчүн календардык планга ылайык өткөрүүгө уруксат берилет.

1.2. Практиканын нормалдуу өтүшүнө шарт түзүү;

1.3. ОЭМУ менен илимий усулдук иштерди бирдикте аткаруу;

1.4. Илимий усулдук иштердин экспериментин жүргүзүүгө шарт түзүү;

1.5. ОЭМУнун бөлүмдөрүнүн өндүрүштүк планын сунуштайт жана практикаларын жетектөө үчүн жогорку квалификациядагы адистиктер дайындалат.

1.6. ОЭМУ усулдук бирикмелеридин башчылары аркылуу алдыңкы тажрыйбалуу адистерди практиканттарга насаатчы кылып бекитип берүү;

1.7. Студент практика мезгилинде акы төлөнүүчү жумуш ордуна жана кызматка же стажорлукка кабыл алынгандан баштап ага ишканада колдонулуучу жалпы эмгек мыйзамдары, эмгекти коргоонун эрежелери жана ички эмгек тартибинин сактоонун эрежелери, алар менен белгилүү тартипте таанышкандан кийин, колдонулат;

1.8. Өндүрүштүк практиканын аягында ар бир студенттин аткарган жумушуна жана ал даярдаган эсеп-кысаптын сапатына мүнөздөмө берет.

**2. « ОЭМУ » милдеттенет:**

2.1. «Мекеме – иш канага» өндүрүштүк практиканы өткөрүүнүн планын сунуштайт;

2.2. Практика жетекчисин дайындайт;

2.3. Мыйзам чегинде каралган, ОЭМУ нун нормативдик документтерине туура келген тартипте ишканадагы жетекчилеринин жана адистердин эмгек акыларын төлөйт;

2.4. Илимий усулдук конференцияларды биримдикте өткөрүү;

**3. Тараптардын келишимди аткаруудагы жоопкерчилиги:**

3.1. Тараптар КР эмгек мыйзамдарынын негизинде практиканы өткөрүү боюнча коюлган милдеттерди аткарууга жоопту:

3.2. Тараптардын ортосундагы келишим боюнча талаштар мыйзам чегинде чечилет;

3.3. Келишим биринчи тараптан « ОЭМУ », экинчи тараптан «Мекеме – иш кана» кол койгондон кийин өз күчүнө кирет;

3.4. Келишим мөөнөтү 2020-жылдын 1- сентябрынан 2025-жылдын 1- сентябрына чейин түзүлөт;

3.5. Эгерде тараптар келишимдин түзүлгөн мөөнөтү бүткөнгө чейин 30 күн мурун келишимди токтотуу жөнүндө жазуу түрүндө билдирбесе, анда бул келишим 3 жылдык мөөнөткө жана ошол эле шарттар алдында узартылган болуп эсептелет.

3.6. Келишим эки нускада түзүлгөн, бири « ОЭМУ » да, экинчиси «Мекеме – иш канада» сакталат.

Юридикалык дареги: Ош эл аралык медициналык университетинин: 723500. Ош шаары, 12участогу, 1- кочо 20 уй.

Ош эл аралык медициналык университетинин
Ректору проф. К.К. Муратов

«____» __________ 2020-ж.

Дарылоо мекмесинин жетекчиси

« 01 » 09 2020-ж.